**Тесттин үлгүсү:**

**Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартибин аныктаңыз:**

(?) акыны, илимпоз, ойчул Жусуп Баласагын коомдук жана табият

(?) Жалпы Орто Азия элдеринин улуу

(?) таануу илимдеринен маалыматы

(?) бар билимдүү инсан болгон

**Ушул тапшырмага тиешелүү бардык тесттик варианттар төмөндөгү тексттердин негизинде түзүлгөн. Ошол себептен тексттердин ар бир сүйлөмүн сөздөрдүн орун тартибине карата талдап чыгуу керек.**

**Тексттер:**

**Жусуп Баласагын**

Жусуп Баласагын – XI кылымда жашаган ойчул, окумуштуу, мамлекеттик ишмер. Ал жалпы түрк калктарынын, анын ичинде кыргыздардын сыймыгы. Ж.Баласагын тууралуу жетишээрлик так маалыматтар болбосо да, биз анын «Кутадгу билиг» эмгегине, проза жана поэзия түрүндө кошумчаланып жазылган кириш сөздөргө, ошондой эле аталган эмгегинде өзү тууралуу айрым эскерген ыр саптарына таяна турган болсок, болжол менен 1015-1019-жылдардын аралыгында Чүй боорундагы Баласагын шаарында туулган. В.В. Бартольд, А.Н. Бернштам сыяктуу бир катар илимпоздордун маалыматтарына жана археологиялык табылгаларга таянып, байыркы Баласагын шаары азыркы Токмок шаарынан анча алыс эмес Бурананын аймагында болгон деген тыянакка келишкен.

**Жалпы Орто Азия элдеринин улуу акыны, илимпоз, ойчул Жусуп Баласагын коомдук жана табият таануу илимдеринен маалыматы бар билимдүү инсан болгон.** Ал баштапкы билимди өзү туулуп өскөн жерден алган, ал эми жогорку билимди болсо башка окумуштуулар сыяктуу эле, ошол мезгилдеги бардык түрк элдеринин маданий борбору болгон Кашкар шаарындагы Сажийа медресесинен алган. Ал арап, перс тилдерин терең өздөштүрүп, философиялык мүнөздөгү илимий эмгектер менен кенен таанышуунун негизинде системалуу түрдө ар тараптуу билимге (философия, теология, поэзия,

саясат, шахмат искусствосу, астрономия, геометрия, арифметика, табият таануу ж.б.) ээ болгон.

Жусуп Баласагын «Кутадгу билиг» аттуу дидактикалык-философиялык дастаны 1069-1070-жылдары элүү жаштан өтүп калган кезде Баласагын шаарында баштап, Кашкар шаарында жазып бүткөн. Көлөмү 6645 ыр сабынан турган бул чыгармасын Караханиддердин улуу каганы Сулайман Арслан Хакан оглу Тавгач Улуг Бугра-ханга тартуулап, ал үчүн хан сарайындагы кеңешчи «Хас Хажиб» «Улук көсөм» наамына ээ болгон. Аталган чыгарма жалпы түрк элдеринин маданий мурастарындагы эң мыкты адабий эстеликтердин бири. Ж.Баласагындын бул эмгегинин дагы бир өзгөчөлүгү – анын түрк тилиндеги алгачкы энциклопедиялык чыгармалардын бири болгондугунда. Чыгармада адеп-ахлак, нарк-насил маселелери иликтөөгө алынып, адам баласынын турпаты менен руханий жан дүйнөсү, айткан кеп-сөзү менен кылган ишинин бири-бирине дал келиши коомдук өнүгүштүн зарыл шарты катары баяндалган.

**Махмуд Кашгари**

XI кылымда жашаган түрк этнологу, диалектологу, фольклористи, тарыхчысы, тилчиси, географы, картографы, түрк боордоштугунун идеологу Кашкарлык Махмуд. Толук ысымы – Махмуд ибн ал-Хусейин ибн Мухаммед ал-Кашгари. Ал 1029-1030-жылдын аралыгында Ысык-Көлдүн тескейиндеги Барскан шаарында туулуп, Кашкарда билим алган даңазалуу адам. Махмуд Кашгаринин бир топ жылдар жер кезип чогулткан түрктөр тууралуу бай маалыматты өзүнүн «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» («Диван лугат ат-түрк») аттуу эмгекте чагылдырган. Аталган эмгек 1072-1077-жылдар аралыгында жазылып, дүйнөнүн картасын түзүп жана ал дүйнөнүн борбору катары Ысык-Көлдү көрсөткөн.

«Сөздүктүн» курамында 300дөн ашуун макал-лакаптар, табышмактар, ырлар, учкул сөздөрдүн кездешиши аны поэтикалык жыйнак чыгарма катары кабылдоого толук мүмкүндүк берет. Ошол кездеги Борбор Азияны мекендеген чигил, йагма, карлук, кыргыз, огуз, тухси, уйгур, кыпчак жана башка түрк тилдерин изилдеп, аңтарып көрүп, алардын сөздөрүн ушул китепке киргизген. Сегиз бөлүктөн турган сөздүктүн бир катар сөздөрү айрымдары кыска, бир кыйласы кеңири түшүндүрүлөт да, айрым учурда ошол сөзгө байланыштуу макал-ылакаптар, элдик оозеки чыгармалар берилет.

Чыгармадагы макал-лакаптар негизинен түрк урууларында колдонулган жана балдарды тарбиялоодо кызмат кылган ата-бабалар насааты болуп эсептелет. Алсак: Баатыр майданда, аалым аңгемеде сыналар; күздүн келери жаздан белгилүү болор; кут белгиси – билим; адептүүлүктүн башаты – тил; арстан картайса чычкан ийнин күзөтөр; кылыктана билсе кызыл киер, жагына билсе жашыл киер; от түтүнсүз болбойт, жигит жазыксыз болбойт; куш канаты, эр аты менен; жаза атпаган мерген, жаңылбаган жаак болбойт; бөрксүз баш болбойт, башчысыз түрк болбойт; курук кошок оозго жакпайт, курук сөз кулакка жакпайт; бычак канчалык курч болсо да, өз сабын кеспейт; көккө түкүрсө, көзгө түшөр; эмгек этсең эмээрсиң; таш баш жарар, эмгек таш жарар ж.б.